УДК: 378.4:001
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/1-415-424

**Чалданбаева А.К.**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
Илим жана инновациялар боюнча проректор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Кармышова Ү.Ж.**
биология илимдеринин кандидаты, доцент
Илимий-инновациялар бөлүмүнүн башчысы
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
umutka290@gmail.com
**Касымалиева Г.О.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Докторантура, PhD докторантура жана аспирантура бөлүмүнун башчысы
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Шаакеева Г.Т.**
Илимий-инновациялык бөлүмдүн жетектөөчү адиси
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Адырбекова А.К.**
Илимий-инновациялык бөлүмдүн жетектөөчү адиси
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# УНИВЕРСИТЕТТИН ИЛИМ МЕНЕН БИЛИМДИ АЙКАЛЫШТЫРГАН УЛУУ ЖОЛУ

**Аннотация.** Бул макалада, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттинин 80 жылдык тарыхындагы илимий иштердин жүрүшү талданып берилди. Университет, алгачкы түзүлгөн күндөн тартып илим менен билимди айкалыштырып, кыргыз кыз-келиндеринин илим жана билим чөйрөсүндөгү ордун жогорку деңгээлге көтөрүүгө багытталган. Алгачкы жылдары келечек муундарды илимий изилдөөлөргө багытоодо илимий ийримдерди жана уюмдарды уюштуруу менен башталып, алардын ар тараптуу өнүгүүсүнө басым жасалган. Ал эми 1990-жылдары институт университет статусун алып, илимий изилдөө лабораториялары уюштурулуп, фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзүү менен илимий даражаларды алууга негизделген. 2000-жылдары илимий изилдөө иштери системалуу уюштурулуп, профессордук-окутуучулук курам эл аралык деңгээлдеги изилдөөлөргө катышууга мүмкүндүк алган. Университеттин илимий журналы квартал сайын чыгарылат, РИНЦке катталган, учурда импакт фактору 0, 136 жеткен, илимий изилдөөлөрдү жарыялоого кеңири мейкиндик түзүлгөн, аны менен катар эле профессордук-окутуучулар курамы, Эл аралык жогорку индексацияланган басылмаларга жарыялап келет. Илимий китепкана окуу жай түзүлгөндөн бери иштеп келет, учурда илимий китепкана түзүлүп, заманбап технологиялар менен жабдылып иштейт.

**Негизги сөздөр:** университет, тарых, илим, инновация, аспирантура, PhD докторантура, билим, ийрим, уюм, китепкана,

**Чалданбаева А.К.**
Доктор педагогических наук, профессор
проректор по науке и инновациям
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Кармышова Ү.Ж.**
кандидат биологических наук, доцент
заведующий отделом науки и инноваций
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Касымалиева Г.О.**
кандидат педагогических наук, доцент
заведующий отделом докторантуры, PhD докторантуры и аспирантуры
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Шаакеева Г.Т.**
Ведущий специалист отдела науки и инноваций
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Адырбекова А.К.**
Ведущий специалист отдела науки и инноваций
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ВЕЛИКИЙ ПУТЬ УНИВЕРСИТЕТА К ОБЪЕДИНЕНИЮ НАУКИ И ОБРАЗОВАНИЯ

**Аннотация.** В данной статье анализируется ход научной работы за 80-летнюю историю Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. С момента своего основания университет был нацелен на соединение науки и образования, поднятие позиций кыргызских женщин в сфере науки и образования на высокий уровень. В первые годы он начинался с организации научных кружков и организаций для ориентации будущих поколений на научные исследования, и упор делался на их всестороннее развитие. В 1990-х годах институт получил статус университета, организовал научно-исследовательские лаборатории и основывался на проведении фундаментальных и прикладных исследований и получении ученых степеней. В 2000-х годах научно-исследовательская деятельность была организована системно, и профессорско-преподавательский состав получил возможность участвовать в международных исследованиях. Научный журнал университета издается ежеквартально, зарегистрирован в Российском научном центре, в настоящее время имеет импакт-фактор 0,136, что создает широкое пространство для публикации научных исследований, и в то же время профессорско-преподавательский состав публикуется в высокоиндексируемых международных изданиях. Научная библиотека функционирует с момента основания университета и в настоящее время строится и оснащается современными технологиями.

**Ключевые слова:** университет, история, наука, инновации, аспирантура, докторантура, образование, кружок, организация, библиотека.

**Chaldanbaeva A.K.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor
Vice-Rector for Science and Innovation
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Karmyshova U.Zh.**
Candidate of Biological Sciences, Associate Professor
Head of the Department of Science and Innovation
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Gulmira O.K.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Head of the Department of Doctoral Studies, PhD Doctoral Studies, and Postgraduate Studies
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Shaakeeva G.T.**
Leading specialist of the department of scientific and innovative activities
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Adyrbekova A.K.**
Leading specialist of the department of scientific and innovative activities
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## THE UNIVERSITY'S GREAT PATH TO COMBINING SCIENCE AND EDUCATION

**Abstract.** This article analyzes the progress of scientific work over the 80-year history of I. Arabaev Kyrgyz State University. Since its founding, the university has strived to unite science and education and elevate the status of Kyrgyz women in science and education. In its early years, it began with the establishment of scientific circles and organizations to guide future generations toward scientific research, with an emphasis on its comprehensive development. In the 1990s, the institute received university status, established research laboratories, and focused on conducting fundamental and applied research and awarding academic degrees. In the 2000s, research activities were systematically organized, and faculty were given the opportunity to participate in international studies. The university's scientific journal is published quarterly, registered with the Russian Scientific Center, and currently has an impact factor of 0.136, creating ample space for publishing research. At the same time, faculty members publish in highly indexed international journals. The scientific library has been in operation since the university's founding and is currently being built and equipped with modern technology.

**Key words:** university, history, science, innovation, postgraduate study, doctoral study, education, club, organization, library.

Кыргызстандын илим менен билим берүүсүнүн өнүгүшүндө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин орду өзгөчө. 80 жылдык тарыхы бар бул улуу окуу жай бүгүн да улуттук билимдин жүрөгү болуп, коомдун интеллектуалдык жана маданий өнүгүүсүнө чоң салым кошуп келет. Университетте илим “кагаз жүзүндө” эмес, жаштардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүнө жана улуттук экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө жетишүүсүнө өбөлгө түзөт. Профессордук-окутуучулар курамы жаш муундарга билим берүү жана тарбиялоо менен бирге илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жаңы технологияларды киргизип, Кыргызстанды дүйнөлүк билим, илим мейкиндигине чыгууга өбөлгө болууда.

Кезинде кыз-келиндер институту катары башталган жол бүгүн илим менен инновациянын кеңири айдыңына айланган. Университеттин профессордук-окутуучулук курамы жана жаш илимпоздору жүргүзгөн изилдөөлөр замандын талабына жооп берген адистерди даярдап, билим берүүнүн сапатын жогорулатып келген. Түптөлгөндөн эле аталган окуу жайда негизги басым билим берүүгө, студенттердин ар тараптуу өнүгүүсүнө жасалган, алсак, 1950-жылдары эле студенттик ийримдер пайда болуп, илимий уюмдар түзүлгөн. Ал кезде илимпоздор Кыргызстан тарыхын изилдеп, айыл чарба көйгөйлөрүнө, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдаланууга жана дүйнөлүк адабияттын өнүгүүсүнө салымдарын кошушкан [1, 5].

1990-жылдары институт университет статусун алгандан кийин илимий изилдөөлөрдүн тармактары билимдин ар кандай чөйрөлөрүндө фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү кеңири колдонула баштады. Бул мезгилде илимий-изилдөө иштеринин жаңы жоболору ишке киргизилип, профессордук-окутуучулар курамы илимий-практикалык конференцияларга катышуу менен китептерди, окуу-методикалык колдонмолорду басылмадан чыгаруу кыйла жогорулаган [3, 4].

2000-жылдарда илимий изилдөө иштери системалуу уюштурулуп, республикалык жана эл аралык деңгээлдерге чыккан, алсак республикалык, эл аралык долбоорлорго активдүү катыша баштады. Ошондой эле жаш илимпоздорго шарттар түзүлүп, бир катар инновациялык идеялар ишке ашырыла баштаган. Азыркы мезгилде университет илимдин жана инновациянын жандуу борборуна айланып, эл аралык илим мейкиндигинде активдүү катышып келет. Бул, биздин университеттин эле эмес, жалпы кыргызстандагы илимдин өнүгүүсүнө десек болот [2, 6].

Тарыхы терең университет бүгүн да тажрыйбалуу салтты улап, замандын талабына ылайык жаңыланып келет. И. Арабаев атындагы КМУда 2005-жылдан баштап илимий бөлүмдөрдү түзүү жана изилдөөлөрдү жаңы деңгээлге чыгаруу багытында чоң кадамдар жасалган.

Бүгүнкү күндө университетте илимий жана инновациялык иштерди бириктирген структурага ээ, анда, илимий-инновациялык бөлүм, докторантура, PhD докторантура (базалык докторантура), аспирантура бөлүмү, илимий китепкана жана стартап борбору илимий-изилдөө иштерин замандын талабына ылайык өнүктүрүүгө багытталган иштерди жүргүзүүдө.

Университеттин илимий иштери жалпы бир багытта: "Педагогикалык ЖОЖдо билим берүүнү реформалоо шарттында изилдөөнүн формаларын, методдорун, каражаттарын жаңылоо жана өркүндөтүү" – деген максатка ылайыктуу коюлуп, илимдин бардык тармактарында өндүрүшкө киргизилип келет. Университет илимий-изилдөө иштерине жаңы ыкмаларды жана стратегияларды киргизип, олуттуу жетишкендиктерге ээ болууда, алсак,

заманбап илимий-изилдөө методологияларын колдонуу менен инновациялык долбоорлорду ишке ашырууга жетишти. Натыйжада, илимий иштердин сапаты жогорулап, түрдүү тармактарда фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдө көрүнүктүү натыйжаларга жетишилди. Билим берүү процессинде жаңы стратегиялар менен илимий изилдөөлөрдү интеграциялоого мүмкүндүк берилип, илимди коомдун актуалдуу көйгөйлөрүн чечүүдө колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлүүдө.

Алсак, 2021-жылдан тартып илимий-инновациялык бөлүм "КМУ Жарчысы" журналын, РИНЦ жана КР УАКтын маалымат базасына кирген илимий басылмаларды квартал сайын чыгарып келет. РИНЦтин базасына 2014-жылдан бери катталган, учурда 2024-жылдын жыйынтыгы менен импакт фактору 0,123 жеткен (1-таблица https://www.elibrary.ru/title_profile.asp?id=56066 сайтынан алынган келтирилди).

**1-таблица, РИНЦтеги КМУнун жарчысынын көрсөткүчү**

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Жылдар боюнча | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
| РИНЦке кирген макаланын саны | 0 | 300 | 137 | 266 | 158 | 226 | 328 | 266 | 614 |
| РИНЦке чыгарылган журналдын саны | 0 | 3 | 4 | 7 | 4 | 4 | 5 | 4 | 8 |
| SCIENCE INDEX рейтингинде журналдын көрсөткүчү | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| РИНЦтеги эки жылдык импакт-фактор | - | - | - | - | 0,007 | 0,014 | 0,016 | 0,043 | 0,123 |
| РИНЦтин ядросундагы эки жылдык импакт-фактор | - | - | - | - | - | 0,002 | 0,003 | - | 0,002 |

Университеттин илимий-инновациялык бөлүмү курамдык түзүмдөр менен биргеликте эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларды, симпозиумдарды өткөрүп келет, акыркы жылдардын маалыматтарынан жогорку жетишкендиктерди көрүүгө болот.

Учурда И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде ректор, профессор А. Т. Абдраеванын колдоосу менен лабораториялар заманбап каражаттар менен жабдылып, жаш окумуштуулар, магистранттар жана студенттер үчүн илимий-изилдөөлөрдү ж үргүзүүгө бардык шарттар түзүлгөн. Ал эми, илимий-изилдөөлөрдү каржылоо окуу жайдын каражаттарынан, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин конкурстарына катышуу, ошондой эле чет өлкөлүк фонддордун колдоосу менен аткарылып келет, 2-таблицада келтирилди.


**2-таблица, университеттин түзүмдүк курамдарынын долбоорлор боюнча илимий-изилдөө иштери**

| № | Түзүмдүк курамдар | Долбоорлор | | |
|---|---|---|---|---|
| | | КМУда | КР ББжИМ | Эл аралык |
| 1. | Табигый илимдер жана туризм институту | 1 | 1 | |
| 2. | Педагогика жана психология институту | 1 | 1 | |
| 3. | Тарых, социалдык-укуктук билим берүү институту | | 1 | 1 |
| 4. | Мамлекеттик тил жана маданият институту | 1 | | |
| 5. | Жаңы маалыматтык технологиялар институту | 2 | 2 | |
| 6. | проф.М.Рахимова атындагы ККББИ | 1 | | |
| 7. | Теология факультети | | | 1 |
| | Жалпы | 6 | 5 | 2 |

Мисалы, акыркы эки жыл ичинде КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган илимий-изилдөө конкурстарына катышуу менен 2023-жылы 3,2 млн. сом, ал эми 2024-жылы 4 млн. сомдон ашык каражат бөлүнгөн. Ал долбоорлор, «Разработка научно-методологических основ религиоведческого образования в контексте противодействия современным деструктивным религиозным идеологиям, с целью защиты духовной безопасности молодежи Кыргызской Республики» (на материалах Чуйской области)» (Курбанова Н.У., д.и.н., проф., сумма: 1 050,0 сом); «Синтез биоактивных нанометаллов и использование их в качестве стимуляторов роста сельскохозяйственных культур» (Сатывалдиев А. С., д.х.н., проф. – сумма: 900,0 сом); «Разработка цифровых виртуальных лабораторий по физике для средних образовательных учреждений КР» (Эшаров Э. А., к.ф-м.н, доцент – сумма: 1000,0 сом); «Создание АИС и «Единого окна» по учебной и научной литературе для образовательной системы» (Бийбосунов Б. И., д.ф.-м.н., д.т.н., проф. – сумма: 1 335 ,0 сом) ж.б.

Изилдөөлөрдүн натыйжалары өндүрүшкө киргизилип, алсак КР УАК Электрондук УАК, ийгиликтүү иштеп жатат, ошондой эле патенттер жана автордук күбөлүктөр алынган, бул университеттин илимий жана инновациялык потенциалын күчөтүп, илимдин практикалык маанисин жогорулатууга салымы.

Университетте биринчи жолу 2023-жылдан тарта профессордук-окутуучулар курамынын илимий-изилдөө долбоорлору конкурстук негизде каржыланып, ага 2024-жылы 1,500 млн сом, ал эми 2025-жылга 2,550 млн сом каралган, ал кийинки диаграммада салыштырмалуу келтирилди.





**1-сүрөт, университеттин илимий долбоорлору жылдар боюнча салыштырмалуу**

Каржыланган долбоорлор ийгиликтүү аткарылып, учурда кеңири жайылтылууда, аларга «Кылым кыйыры: Кара-кыргыз автономиялык областынын түзүлүшүнө 100 жыл, жетекчиси, Абдалиева Г. К. – суммасы: 200 000 сом. (архивдик жана фоно-фото материалдардын түзүлүп)».Жыйынтыгында, Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшү жана алгачкы мамлекеттик ишмерлер боюнча жаңы архивдик материалдар топтолуп көргөзмөлөр Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө (Москва, Стамбулда) уюштурулду; «Кыргыз тилинин татаал сөздөрүнүн сөздүгү», жетекчиси, Жумалиев С. С. – суммасы: 180 000 сом, анда, татаал сөздөрдүн электрондук сөздүгү түзүлдү; «Кыргыз адабияты боюнча 5-11–класстар үчүн окуу куралын түзүү (мектеп програмасына жаңы кирген чыгармалардын үзүндүлөрүн жана ал үзүндүлөр боюнча класста аткарылуучу тапшырмалардын моделин иштеп чыгуу», жетекчиси, Эгембердиева А. А. – суммасы: 120 000 сом. Жыйынтыгы: 54 чыгарма талданып, мектеп программасына киргизүүгө даярдалды; «Автоматизированная инфоормационная система “Цифровой университет: учебный процесс” (Бийбосунов Б. И. – суммасы: 250 000 сом. Жыйынтыгы: “LMS Sabak” сабакта студенттерди каттоо үчүн QR-коддор иштелип чыкты жана жайылтылды); «Создание веб-сервиса для автоматизированной проверки программного кода в образовательном процессе» (Ачекеев К. С. – суммасы: 200 000 сом. Жыйынтыгы: кодду текшерүү үчүн онлайн-платформы түзүлдү, ошондой эле кодду текшерүү функционалы иштелип чыгып, маалыматтык база түзүлдү, фронтенд бэкенд менен интеграцияланды, тестирлөө жана оптималдаштыруу, кошумча функциялар иштелип чыкты) ж.б.

Ошондой эле профессордук-окутуучулар курамынын илимий-методикалык эмгектери басылмалар аркылуу окуу китептер, монографиялар жана окуу-методикалык колдонмолор түрүндө чыгарылып келет. Мисалы, 1995–1997-жылдары И. Арабаев атындагы КМУда 30 монография, 23 окуу китеби, 10 илимий эмгектер жыйнагы жана 95 окуу-усулдук колдонмо жарык көргөн. Ал эми 2022–2024-жылдары 39 монография, 75 окуу китеби, 111 окуу-методикалык колдонмо жана 12 электрондук китеп чыгарылган. Бул көрсөткүчтөр университеттин илимий жана педагогикалык потенциалын туруктуу өсүп жатканын,

ошондой эле билим берүүнүн сапатын жогорулатуу багытында системалуу иштер жүргүзүлүп жатканын көрсөтүп турат.


Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары SCOPUS, Web of Science Эл аралык маалыматтык базаларында индекстелген журналдарга жарыяланып турат, акыркы 3 жылда аталган басылмаларда 40тан ашык илимий макала жарык көргөн, ал эми 2024-жылдын жыйынтыгы менен SCOPUSка 56 макала жарык көргөн жана макалалардын салыштырмалуу көрсөткүчү кийинки диаграммада берилген.




**1-диаграмма, И.Арабаев атындагы КМУнун профессордук-окутуучулар курамынын 2024-жылга жарык көргөн макалаларынан сандык көрсөткүчү**

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү жана илимий кадрларды даярдоо программалары активдүү киргизиле баштаган. Жыл сайын 200дөн ашуун изденүүчү аспирантура жана докторантура бөлүмүндө 58 адистик боюнча ийгиликтүү билим алып, илимий-изилдөө иштерин натыйжалуу жыйынтыкташат.

Университетте PhD докторанттарды даярдоо иштери 11 багытта жүргүзүлүп, 300 PhD докторант билим алууда, анын 80% чет өлкөлүк жарандар (Кытай, Түркия, Орусия, Казакстан) түзөт жана жылдан-жылга PhD докторантурага тапшыруучулардын саны өсүүдө, кийинки диаграммада берилди.




**2-диа… ча сандык**

Университетте, илимий кадрларды даярдоодо 13 адистик боюнча 7 диссертациялык кеңеш иштейт, алсак, педагогика (2 кеңеш), психология, география, филология, физика-математика жана техника илимдери. Жыл сайын ар бир диссертациялык Кеңеште кандидаттык жана докторлук диссертациялар корголуп келүүдө, андан И.Арабаев атындагы КМУнун изденүүчүлөрүнөн акыркы 3 жылда (2022, 2023, 2024) 9 илимдин докторлору, 33 илимдин кандидаттары коргогон, жогорку көрсөткүч айтууга болот.

Ошондой эле, замандын талабына ылайык университетте бизнес-идеяларды ишке ашырууга умтулган студенттердин Стартап борбору 2022-жылдын 10-майында КМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими, ректордун буйругу менен түзүлгөн.

Борбор стартаптарды түзүүгө зарыл ресурстарды жана методикалык кеңештерди сунуштап, студенттердин ишкердик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган тренингдерди, семинарларды жана мастер-класстарды уюштуруп, өткөрүп турат. Алсак, социалдык багыттагы «Өнөр Юнион» долбоорун ишке ашырып жаткан КМУнун Энактас командасынын ишмердүүлүгүн белгилеп кетүүгө болот. Долбоор экологиялык жактан таза жана кайра иштетилген буюмдарды түзүү аркылуу коомчулукту колдоого багытталган, анын алкагында апалар, үй кожойкелери жана балдар үйлөрүндөгү окуучулар социалдык жактан колдоого алынып, аларга турмуштук шарттарын жакшыртууга көмөк көрсөтүшөт. Долбоордун алкагында стартаперлер эл аралык уюмдар, инвестициялык фонддор уюштурган ар кандай стартап-конкурстарга катышууга көптөгөн чакырууларды алып жаткандыгы маанилүү жетишкендиктер деп белгилөөгө болот.

Ал эми, университеттин илимий китепканасы, 1945-жылы Кыргыз ССРинин Эл агартуу Комиссариатынын кеңешмесинин чыгарган токтомунун негизинде, кыз-келиндер педагогикалык окуу жайы ачылган, баштапкы фонд 20 668 китепти жана 287 окурманды камтыган. Китепкана окуу жайдын илимий-окуу процессин жана илимий-изилдөө иштерин маалымат менен камсыз кылууда маанилүү роль ойногон. Китеп фонду ылдам өсүп, 1959–1968-жылдары 200 000 нускага жеткен, ал эми китепканачылардын саны 4 адамдан 28ге көбөйгөн. Ошондой эле китепкананын материалдык-техникалык базасы жакшыртылып, 60 орундуу окуу залы ачылган [2, 4, 5].

Бүгүнкү күндө илимий китепканада 365 424 китеп фондусу жана 13 443 окурманы бар, анын фондунда 220 579 окуу жана окуу-методикалык китептер, 55276 илимий китептер, 90425 көркөм адабияттар, 1826 аталыштагы диссертациялар жана 3652 авторефераттар менен камсыздалган. Китепкана заманбап билим чөйрөсүн уюштуруп, окуу жайдын профессордук-окутуучулар курамы менен студенттердин илимий маалыматтарга болгон муктаждыгын дүйнөлүк стандарттарга ылайык жаңы технологиялар аркылуу камсыздап турат.

Ал эми, 2005-жылдан бери маалымат ресурстары менен толукталып, китепканалык эрежелердин негизинде иретке келтирилүүдө (эсепке алуу, сактоо, каталогдорду түзүү ж.б.), Россиянын «ИРБИС» программасынын негизинде автоматташтырылууда. Ошондой эле, электрондук китепкана улуттук («КИРЛИБНЕТ», «Алтын фонд», “КРАД”) жана Россиянын (IPRMEDIA, ИВИС, E-Laibrari), эл аралык маанидеги электрондук ресурстар менен толукталып турат. Мындан тышкары, эл аралык маанидеги «ЭБСКО», «Исть-Вью», «Шпрингер» ж.б. ресурстарга кирүүгө мүмкүнчүлүк да түзүлгөн.

2022-жылы И. Арабаев атындагы КМУнун базасында КР Билим жана илим министрлигинин коллегиясынын чечими менен 5 айлык Жогорку китепкана мектеби (ЖКМ) ачылган. Мектептин негизги максаты – республиканын аймактарында китепканаларда

эмгектенген адистиги жок китепканачыларга кесиптик билим берүүгө, алардын китепкана ишин заманбап уюштуруудагы адистик компетентүүлүгүн жогорулатууга багытталган.

Университеттин илимий ишмердүүлүгүн өркүндөтүү максатында бир нече негизги багыттарды өнүктүрүү зарыл. Академиялык багытта өнүгүп жаткан окуу жайыбызда илимий изилдөөлөрдү жана инновацияларды стимулдаштыруучу жагымдуу илимий экосистеманы түзүү – артыкчылыктуу багыт болуп саналат. Ал үчүн университеттин илимий потенциалын тийиштүү деңгээлде өнүктүрүү үчүн заманбап деңгээлдеги жаңылануулар жигердүүлүк менен жолго коюлууга тийиш.

Илимий ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун арттырууда ички жана тышкы каржылоо булактарын тартуу зарыл. Бул мамлекеттик жана жеке фонддордун гранттары, коммерциялык келишимдер, ошондой эле илимий долбоорлорго катышуу аркылуу ишке ашырылат. Мындан тышкары, жаш илимпоздорду колдоо жана дисциплинар аралык илимий долбоорлорду өнүктүрүү үчүн ички программаларды түзүү да маанилүү болуп эсептелет.

Эл аралык байланыштарды кеңейтүү илим-билимдеги жетишкендиктерге ээ болуу менен, технологияларды жана тийиштүү ресурстарды жемиштүү колдонууга шарт түзөт. Чет өлкөлүк университеттер жана илимий борборлор менен биргелешкен илимий долбоорлорду жүргүзүүгө мүмкүндүк берип, университеттин дүйнөлүк илимий аренадагы позициясын чыңдоого, студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, PhD докторанттардын, профессордук-окутуучулар курамынын инновациялык идеяларын, биргелешкен кызматташтык аркылуу ийгиликтүү натыйжаларга жетүүсүнө өбөлгө түзүү.

Университет илимий изилдөөлөрдү ишке ашырууда жана жыйынтыктарды коммерциялаштырууда, инкубаторлорду, технопарктарды жана технологияларды трансферлөө мекемелерин түзүү иштери жүргүзүүдө.

Жаш таланттарды өстүрүүгө университетте бардык мүмкүн болгон шарттарды түзүү маанилүү, андыктан программаларды, менторлук ишмердүүлүктү кеңири жайылтуу менен, студенттерге алгачкы күндөн эле илимий карьерасын калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн ири илимий долбоорлорго катышууга шарттар түзүлөт жана келечекте көптү үмүттөндүргөн адистерди даярдап, аларды университетте сактап калуу эле эмес, илимий мектептердин улантылышын камсыздоого да өбөлгө түзөт.

И. Арабаев атындагы КМУнун илим жана инновациялар багытында жүргүзүлгөн иштери өз жемиштерин берип, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине активдүү аралашып, Кыргызстанды интеллектуалдык жана маданий жактан өнүктүрүүгө зор салым кошууда деп сыймыктануу белгилөөгө негиз бар.

**Адабияттар:**


1. Абдуазизова Н.Х. Киргизский женский педагогический институт Издательство “Мектеп”, Фрунзе, 1967. – 68 с.
2. Бектурганова К.А. Дочери земли кыргызской, Б.: “Бийиктик”, 2007 – 336 с.
3. Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту /түзгөн Туганбаев У.М.. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты, 1990 г.
4. Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Педагогика тарыхынын очерктери, Бишкек, 1997. – 389 б.
5. Татыбекова Ж.С. ВУЗе учатся только девушки
6. Шатманов С. Ажарлуу адам. Ф., “Кыргызстан”, 1975. – 48 б.


**Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Калдыбаева А.Т.**